*Самсалиева К.О.*
*Кыргызская Академия Образования*

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК КОНСИЛИУМДУ УЮШТУРУУНУН ЖОЛДОРУ

# ПУТИ ОРГАНИЗАЦИИ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО КОНСИЛИУМА В ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *педконсилиум, окуучуларды изилдөө, дифференцирленген мамиле, психологиялык коррекциялоо, педагогикалык профилактика, педагогикалык диагностика, психологиялык колдоо.*

***Ключевые слова****: педконсилиум, изучение учащихся, дифференцированный подход, психологическая коррекция, педагогическая профилактика, педагогическая диагностика, психологическая поддержка.*

Азыркы өнүгүп жаткан коом заманбап билим алган, адептүү, демилгелүү, кысталыш учурда чечим кабыл ала алган, анын мүмкүн болуучу натыйжаларын алдын ала божомолдой алган, кызматташтыкка жөндөмдүү, мобилдүү, динамикалуу, конструктивдүү өлкөнүн тагдыры үчүн жоопкерчилиги ар тараптан өнүккөн инсанды талап кылууда.

Ар бир адамзат коомунда илим, билим, маданият негизги орундардын бирин ээлеп келген. Бул коомду алдыга жылдыруучу негизги күчтөрдүн бири - билим. Ансыз коом өнүгүшү мүмкүн эмес. Ал эми келечек ээлери болгон жаш муундарга билим берүү, ошол өнүгүп жаткан коомдун талаптарына ылайык тарбиялоо - биздин негизги максатарыбыздын бири.

Мектептин алдында турган эң негизги милдеттердин бири: жаш муундарга аң сезимдүү тарбия берүү жана келечектеги жашоого даяр, мыкты инсанды тарбиялоо.

Бүгүнкү күндө ким мектепте эмгектенген болсо, «балдар менен иштөө кыйын болуп калды, балдардын окугусу келбейт» деген ойду айтышат. Туура, бардык эле окуучу окубай калды деген ойдон алыспыз, алсак, жалпы билим берүүчү мектептер, гимназия, лицейлердин окуучулары билим алуудагы эң мыкты жетишкендиктерин райондук, шаардык, республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү болуу менен, ошондой эле бүтүрүүчүлөргө республикалык тест жүргүзүүнүн жыйынтыгында өздөрүнүн жакшы даярдыктарын көрсөтүп, жогорку окуу жайларынын студенттери болуу менен, келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын далилдеп жатышат.

Илимде эки окшош адам жок экени генетика илими тарабынан далилденгени белгилүү. Ар бир адам өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөр менен жаралат. Кимдир бирөө математикага, химия, биология илимине, дагы бири физикага жөндөмдүү, үчүнчүсү жакшы сүрөт тартат. Балдардын билим алууга дилгирлиги жана алардын аракети ар башка болот. Мектептердин айрым класстарында предметтик сабактардан өздөштүрүүсү начар болгон окуучулар дагы жок эмес. Окуучулар ар түрдүү себептер менен сабакка келбей калып же келсе дагы көңүл бурбоо, өз күчүнө ишенбөө же жана башка себептерден улам предметтик сабактарды өздөштүрө албай калуу менен күнүмдүк сабак мектепке келип, кетүүгө гана айланып калганы чындык Мындай учурда мугалимдер сабактан жетишпеген окуучуну баалоодо «2» деп баалаштын ордуна «ач кулактан тынч кулак» жашоого өтүп алышкан. Окуучу дагы мектепке «сумка көтөрүп келип жүргөндүгү үчүн» чейрек сайын эмгектенүүсүз эле канааттандырарлык баа алып, класстан класска көчүп жүрүүгө көнүп алган.

Окуучунун сабактан начарлашына «Ким күнөөлүү?» деген суроо коюлганда, эч ким так жооп бере алышбайт. Айрым ата-энелер мектептеги мугалимди күнөөлөшөт. Ошол себептүү, мындай суроолор жаралат. Азыркы шартта мектептердеги окутуунун мазмуну жана методикасы кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушу зарыл? Бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүнүн тиешелүү деңгээлине жетишүү үчүн алардын билимдеринин даярдыгынын сапатын кандайча көтөрүү керек? Бул маселелерди чечүү жолдорунун бири:

Окуучулардын предметтик сабактардан өздөштүрүүлөрүнүн начарлашынын себептерин жана окуучулардын реалдуу окуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, иликтөө иштерин уюштуруу, окуучунун сабактарга кызыгуусун жандандыруу максатында чейректер боюнча окуучулардын өздөштүрүүсүнүн билим сапатына диагностикалык-мониторингдик изилдөө жүргүзүп, предметтик сабактары боюнча өздөшүүсү начар, билим сапаты төмөн көрсөткүчтөрдү берген класстардагы окуучуларга карата педагогикалык консилиум өткөрүү зарылчылыгы келип чыгууда.

«Педагогикалык консилиум» - бул белгилүү класска сабак берүүчү бардык мугалимдердин, мектеп директору, мектеп директорунун орун басарлары, мектеп психологу, медицина кызматкеринин, кээде ата-энелер коомчулугунун катышуусу менен өткөрүлүүчү кеңешме. «Педагогикалык консилиум» мында окуучулардын чыныгы

окуй алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жана канчалык даражада тарбиялангандыгынын диагнозун туура аныктоо аркылуу, мугалимдер ошол окуучу жөнүндө бирдиктүү иштерди жүргүзүп, конкреттүү иш чараларды коллективдүү жол менен иштеп чыгуусун билдирет. [2]

Педагогикалык консилиумду өткөрүү төмөнкүдөй максаттарды көздөйт:

Окуучулардын предметтик сабактардан начарлашынын себептерин изилдеп чыгуу;

Окуучулардын билимдериндеги, билгичтиктериндеги, көндүмдөрүндөгү, тарбиясындагы кемчиликтерди жоюу боюнча иш чараларды иштеп чыгуу.

Окуучулардын сабактардан начарлашын иликтеп үйрөнүү төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт.

1-сүрөт.




Бишкек шаарындагы №80 орто мектептин 8-«б» классынын окуучуларынын сабактагы жана андан тышкаркы убактардагы жүрүш - турушун байкоо, окуучуларга изилдөө жүргүзүүнүн негизинде өткөрүлгөн педагогикалык консилиумда айрым окуучулардын предметтер боюнча өздөштүрүүлөрүндө кемчиликтер бар экендиги аныкталды. Окуучулардын сабактан начарлашынын себептерин аныктоо үчүн; окуучулар жана ата-энелер арасында анкета алуу, жекече аңгемеле-

шүү, сабакта жана класстан тышкаркы иштерде-ги окуучунун оозеки, жазуу иштери, практикалык иштерин, мектеп документтерин (класстык журнал, күндөлүк, окуучунун медициналык картасы) анализдөө иштери жүргүзүлдү. 1-сүрөттөгү схема боюнча иш алып баруунун натыйжасында окуучулардын билиминин начарлашына таасир этүүчү төмөндөгүдөй объективдүү жана субъективдүү факторлор бар экендиги аныкталды.

- Окутуунун дифференцирлөө принцибинин жеткиликтүү ишке ашырылбаганы;
- Айрым предметтер боюнча техникалык каражаттар, көрсөтмө курал, дидактикалык материалдардын жетишсиздиги;
- Окуучунун окуп жана жашоого түзүлгөн шартынын жоктугу. Окуу куралдары менен жетиштүү камсыз болгон эмес;
- Окуучуга ата-энелик көзөмөлдүн жоктугу, айрым балдардын кароосуз калышы;
- Ата-энелердин педагогикалык маданиятынын тайкылыгы, кругозорунун начардыгы;
- Ата-эне менен мектептин ортосундагы байланышынын жоктугу;
- Окуучунун мурда өтүлгөн билиминин начар калыптанышы;
- Класс коллективинин өзгөчөлүгү. Айрым класстарда кабыл алуусу күчтүү активдүү окуучулардын болуусу, кабыл алуусу жай, тартынчаак балдардын алардын көмүскөсүндө калышы;
- Балдардын мектептен тышкаркы убактыларында ар түрдүү жумуштарда иштеши;
- Окуучунун психологиялык эмоциялык абалы. Кабыл алуу, эске тутуусу жай өнүккөн;
- Мугалимдер тарабынан окуучуларга деңгээлине жараша азырак көңүл бөлүүсү.
- Окуучу бош убактысын телевизор, интернет, компьютердик оюндарга көбүрөөк жумшайт.

2-сүрөт.




Мына ушундай көптөгөн себептерден улам окуучулар предметтик сабактан канааттандырарлык эмес баа алды дейли. Окуучу биринчиден, «начар баа» алгандыгы үчүн мугалимден тил укса, үйдөн «начар баа» алып келгендиги үчүн ата-энеден жеме угат. Элестетип көргүлөчү эгер сизге күнүнө 5 жолу башкаруу, 3 жолу эскертүү ар бир саат сайын күнөлөө ирээтинде кайрылып турса кандай болот? Элестетип көрдүңөрбү? Ооба, дал ушинтип көбүнчө ата-эне балдарын тарбиялап өстүрүшөт. Ушунун баарына мектеп мугалимдеринин мамилесин кошсок бул баланы неврозго алып келиши боло турган кеп эмеспи. Мына ушундай тарбиялоо системасы окуучунун сабактан көңүл калуусуна алып келүүсү айдан ачык эле иш.

Окутуу-билимге ээ кылуу, окуучулардын өсүп өнүгүүсүн камсыз кылуу менен келечек турмушта өз кесибин таап кетүүгө жарамдуу компетенттүү инсанды даярдоо.

Окутуунун натыйжалуулугу окуучулардын жетишүүсүнөн ачык көрүнөт. Эгерде коюлган талаптар окуучунун эң жогорку тырышкан аракетинин натыжасында да чечилбесе, мындай

окутуу балдарды өсүп, өнүктүрбөстөн тескерисинче, окуучунун өз күчүнө ишенбөөчүлүк жана жалтаң болуп, өз билгенин айтуудан тартынып, натыйжада өсүп, өнүгүүсү начарлайт.

Латын тилиндеги «консилиум» деген сөз өзгөчө медицинада кеңири таралган. Медицинада консилиум деген оорулуу адамдын оорусун аныктоо жана аны дарылап айыктыруунун жолун биргелешип аныктоочу врачтардын кеңеши деп түшүнүшөт.

«Эл агартуу ишинде окуучулардын канчалык даражада тарбиялангандыгынын диагнозун туура аныктоо аркылуу алардын окуудагы оорусун алдын ала эффективдүү «дарылоону» билдирет». [2]

Педагогикалык кеңештин тагыраак айтканда педагогикалык консилиумдун чечиминин негизинде жүргүзүлгөн иш тажрыйба көрсөткөндөй окуучуларды сабактарга кызыктыруунун педагогикалык теориясы, окуучуну окууга шыктандыруучу психологиялык иш чаралардын системасы окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруу идеясына негизделген иш чаралардын системасы окутуунун, билим берүүнүн сапатын көтөрүүгө жардам бере алат.

Педагогикалык консилиумдун жыйынтыгын жетекчиликке алып иштөө окуутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуулугун бир кыйла жогорулатат, анткени мында окуучуларды окутууга жана тарбиялоого карата иштелүүчү ар бир иш белгилүү максатка багытталат. Эми окуучулардын сабакты начар өздөштүрүүсүн жоюу боюнча педагогикалык консилиумдун сунуштарын ишке ашыруу боюнча төмөндөгүдөй иш чаралар сунушталат.

**Начар окуган окуучулар менен жүргүзүлүүчү иш чаралардын системасы:**




**1. Педагогикалык профилактика.**

1) Ар бир окуучуну керектүү окуу материалдары менен камсыздоо. (окуу китеби, окуу колдонмолор, жумушчу дептер ж.б.);

2) Окутуунун оптималдуу методдорун, формаларын, каражаттарын тандоо. Окутуунун интерактивдүү, программаланган окутуу, дифференцирленген окутуу, оюн технологияларын ж.б колдонуу.

**2. Педагогикалык диагностика.**

1) Окуучулардын предметтик сабактардан өздөштүрүүлөрүнө мониторингдик изилдөө жүргүзүү менен окуучунун өздөшүүсүндөгү мүчүлүштүктөрүн өз убагында аныктоо, (окуучулар, ата-энелер, мугалимдер менен аңгемелешүү ж.б) анализдөө.

Анализ жүргүзүүнүн жыйынтыгын таблица, диаграмма түрүндө көрсөтүп, ата-энелер чогулуштарында талкуулоо.

2) Окутуунун жыйынтыгын дайыма көзөмөлдөө.

**3. Педагогикалык терапия.**

1) Окутууну уюштуруунун топтук, жекелик формаларын колдонуу менен кошумча сабактарды уюштуруу.

2) Окуучунун дараметине жараша дифференцирленген тапшырмаларды берүү. Окутуунун мазмунун оптималдаштыруу.

**4. Тарбия берүү менен таасир этүү**

Сабактардан жетишпөөнүн башкы себеби; окуучунун тарбиясынын жоктугу, тартипсиздик, окуу дисциплинасын сакталбашы. Мына ушул тарбиясындагы мүчүлүштүктөрдү болтурбоо

үчүн окуучуну коомдук иштерди аткарууга ишеним көрсөтүү, класстан тышкаркы иштерге тартуу.

**5. Психологиялык коррекциялоо.**

Коррекция-түздөө, оңдоо, тууралоо деген маанини билдирет.

Окуучунун окууга болгон каалоосун калыбына келтирүү. (Мактоо, сыйлоо, алкыш айтуу) Окуучунун көңүл буруусуна, эске тутууга, ойлоо жөндөмдүүлүгүн артырууга карата тапшырмаларды оюн түрүндө сунуш кылуу. (дидактикалык оюндар, психологиялык тест, тренинг ж.б.)

Окуучулардын предметтик сабактардан өздөштүрүүлөрүнүн начарлашын жоюунун жолдору:

**I. Дифференцирленген мамиле жасоо менен педагогикалык колдоо көрсөтүү.**

1. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн уюштурууга жардамдашуу.

а) предметте жетишпеген темаларды толуктоо менен кайталоону пландаштыруу. Окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ылайыктап тапшырмаларды түзүү.

б) Каталарды жоюу боюнча окуу ишмердүүлүгүнүн алгоритмин түзүү.

2. Окутуунун жүрүшүндө кошумча түшүндүрүү;

а) Маалымдама-маалыматтык. Маалымат берүүчү карточкалар, кошумча адабияттар, маалыматтык технологияларды колдонуу (телевизор, аудио-видео аппаратура, интернет ж.б).

б) Көрсөтмөлүүлүк. (көрсөтмө куралдар, приборлор, макеттер ж.б)

3. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө.

а) Окуучунун окуу темпин эске алуу менен сурамжылоодо дайыма көңүл бөлүп туруу, доскада иштегенде, өз алдынча иштерге ойлонууга көбүрөөк убакыт бөлүү.

б) Жооптордун даяр үлгүлөрүн берүү. Схема, таблицаларды колдонууга жол берүү.

в) Билим, билгичтиктерин, көндүмдөрүн текшерүүгө дидактикалык оюндарды жана компьютердик технологияларды колдонуу.[1]

**II. Окуучуга психологиялык колдоо көрсөтүү жолдору:**

- Окуучунун жакшы жактарына таянуу менен алга умтулууга шыктандыруу;
- Окуучунун көңүлүн калтыруучу таасирлерден алыс болуу;
- Окуучуга өзүнө өзү ишенүүгө, өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө ишенүүгө көмөк көрсөтүү;
- Окуучунун жолу болбосунда урушуунун ордуна колдоо;
- Окуучуга ыраазы болуунун ар түрдүү себептерин көрсөтүү;
- Окуучунун алы жете турган тапшырманы аздап, көбүнө чейин аткарууга жардамдашуу;
- өз ара мамилени чыңдоо үчүн юмор аралаштыруу;
- Окуучунун өзү чече ала турган проблемасына киришпөө;
- Дисциплинардык жазалоодон алыс болуу.

Жыйынтыктап айтканда, мугалим окуучуга жасаган мамилени ар бир окуучунун өзгөчөлүгүнө жараша боорукерлик, кыраакылык менен мамиле кылып иш алып баруусу керек.

Кыргыз элинде «булакты көрсөң көзүн ач» деген улуу сөз бар. Мунун сыңарындай мугалим; окуучунун акыл эсин өстүрүүгө, анын шыгын, жөндөмүн ойготууга жардамчы, шыктандыруучу, колдоочу, уюштуруучу, жетектөөчү окуучунун тилин таба билген досу болушу зарыл.

Немец элинин улуу педагогу Дистерверг «Билимге ар бир адам өз күчү, өз аракети менен жетишет. Сырттан ал жөн гана түрткү болуучу таасирлерди алат» деп айткан. Ушундай эле ойду көрүнүктүү педагог Зинков «Ар тараптуу өсүп өнүгүүдө руханий байлыкка кыстоонун негизинде жетүүгө болбойт. Чыныгы руханий байлык, адам өзү илимге умтулганда гана пайда болот» деген.

**Адабияттар:**

1. Бабанский. Ю.К. /Избранные педагогические труды-М.:Педагогика,1989 - 153, 172, 173с.
2. Бекбоев. И.Б./ Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы –Б.: «Бийиктик», 2011.-28б.
3. Иващенко. Ф.И. Актуальные проблемы возрастной и педагогической психологии // Минск.: высшая школа, 1980 -128с.